KUMTOR
КУМТОР
centerra GOLD

26-январь, 2015-жыл

**Урматттуу өнөктөштөр,**

“Кумтөр Голд Компани” өз ишмердигинде кесиптик этика эрежелерин бекем карманган ишкана катары кадыр күттү. Мындай баркка жетүү үчүн көп аракет жумшалды, бирок, кандай болсо да буга жетише алдык. Ал жетишкендикте товар жана кызмат көрсөткөн компаниялардын, анын ичинде Сиздин ишканаңыздын биргелешкен салымы бар. Мүмкүнчүлүктөн пайдалана “Кумтөрдүн” атынан бизге көрсөткөн кызматтарыңыз, ишти аткарууда кесиптик этика эрежелерин так кармангандыгыңыз үчүн терең ыраазычылык билдиргим келет.

“Кумтөрдөгү” биздин бүтүндөй ишмердигибиз чынчылдыкка жана этикалык эрежелердин чегинде болууга негизделген. Бул – бузулбас эреже. “Кумтөрдүн” кызматкерлери, алар менен катар агент, өнөктөш ишканалар, кеңешчилер жана кызмат көрсөтүүчү мекемелердин баары кесипкөйлүгүн көрсөтүп, мыйзам жана жоболорго толук ылайык, ошондой эле кесиптик этиканын жогорку стандарттарын сактоо менен өз кызматтык милдеттерин аткарууга тийиш.

Эгер биздин ишкана менен болгон кызматташтыкта этикалык нормалардын сакталышы боюнча маселе чыкса, “Кумтөрдөгү” Сиз менен иш алып барган тарап же иш өнөктөшүңүзгө кайрылып, талкуулооңузду өтүнөр элек. Укуктук жана этикалык нормалардын сакталышы боюнча, ошондой эле мыйзамсыз жана этикалык нормаларга сыйбаган учурлар боюнча компаниянын “ишеним телефонуна” билдириңиз. Купуялуулукка кепилдик берилет. “Ишеним телефону” күнү-түнү жана көз карандысыз байланыш провайдери аркылуу тейленет. Ага сиз төмөндөгү даректер боюнча билдирүү калтыра аласыз:

Интернеттеги сайтта: www.clearviewcinnects.com

Почта дареги: «ClearView Connects»

Centerra Gold Inc., 90505 а/я, Торонто, Онтарио, M1J1 3M7 Канада.

Кат менен кошо “Кумтөр” компаниясынын этикалык эрежелер топтомун” тиркедик. Укуктук нормалардын жана кесиптик этиканын сакталышы боюнча кызматташууңуз үчүн Сизге ыраазычылык билдиребиз!

**Дениел Дежарден**
**“Кумтөр Голд Компани” ЖАК Президенти**


**Кумтор Голд Компаниясы**
**Центерра Голд Инк.**
720031, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Ибраимов көч., 24

**Кумтор Голд Компани**
**Центерра Голд Инк.**
720031, Кыргызская Республика,
г. Бишкек, ул. Ибраимова, 24

**Kumtor Gold Company**
**Centerra Gold Inc.**
24 Ibraimov Street
Bishkek, Kyrgyz Republic, 720031

Tel: 996 (312) 90-07-07
Fax: 996 (312) 90-07-28
**www.kumtor.kg**
**www.centerragold.com**